“Бекитемин”

Мектеп директору БектургановаЖ.Д

**Мектеп качегарларынын кызматтык жоопкерчилиги боюнча көрсөтмө.**

Кызматка 18 жаштан кем эмес кызматтык абалдын талабына жооп берген эмгекке жарамдуу жаран кабыл алынат.

Кочегар кызматын аркалаганжаран милдеттүү түрдө мектеп директоруна:

Кочегарлык кызматка кабыл алуу жана кызматтан бошотууну мектептин директору кабыл алат жана бошотот.

Кызматта баардык нормага ылайык төмөнкүдөй талаптар аткарылышы кере

-мектептин усавындагы көрсөтүлгөн жоопкерчилик

-ички мектеп эрежелери

-буйруктагы баш ийүү, мектеп директорлорунун буйрутмаларын аткаруу

-азыркы кызматтык нускамага баш ийүү

1. Качегар билиш керек

От жагуудагы мектептин талаптары

-от жагууда коопсуздук эрежелерин сактоону өрт коопсуздугун алдын алуу менен ага жол бербөөнү

-от жагууда алкоголдук ичимдик ичип келбөөнү

-эмгек кодексинин нормаларын аткарууну

-жылуулук нормаларын сактоону (мештин температурасы 50градус Сден кем болбошу керек)

-электр приборлорун туура пайдалануу

-от жагуу убагынан кечиктирбөөнү

-от жагуучу жайдын тазалыгын сактоону

-мектептин ички тартибин сактоо

-кокустук, бөөдө кырсык болгондо чара көрүү эрежелери

2. Качегардык кызматтык милдеттери

-мектептин жылуулук мене дайыма камсыз кылуу

-көмүрдү абаырайына карата үнөмдөп жагуу

-көмүрдү уурдап же сатып ысырапкерчиликке учуратпоо

-тетиктер бузулган учурларда администрацияга тезинен билдирип тезинен бүтүрүү

-тетиктер иштеп жатканда карабай таштап кетпөөгө

-жумушка кабыл алынганда медициналык кароодон өтүүгө

3. Жоопкерчилиги: качегар жооп берет

Кыргыз республикасынын тартиби боюнча “эмгек жана техника коопсуздугун сактоо жөнүндөгү”

Буйруктарды аткарууга

-эмгек тартибин бузган учурда жылуулук системасы тоңуп авариялык абалга туш келсе

-ичимдик ичип келип, кызмат ордунда иш алып баралбаса

-мектептин ички жылуулук нормасына жооп бербесе, камсыздабаса

-иш ордун таза кармабаса

-от жагуучу жайдагы техникалык каражаттарды туура пайдаланбаса

4. Мектеп администрациясы менен иш алып барууда, качегар тарабынан одоно иш тартиб бузуулар болсо, мектеп директору чара көрөт.

5. Эскертүү жана жумуштан бошотуу

-ичимдик ичи келип жумуш ордунан кармалса, жумуштан бошотуу

-шалаакылык менен иш ордунда жогорку талаптар аткарылбаса жумуштан бошотуу жүргүзүлөт

-жылытуу системаларын тоңдуруп иштен чыгарса, кимдин күзөтүндө болсо кеткен чыгымды ошол кызматчы төлөйт.

Көрсөтмө менен тааныштым:

Кыйшыков А.Ш.

Мокотаев Н.К

Жолдошбек уулу Ж.